тандоо үчүн даярдоонун негизинде өз алдынча окуу көнүгүүлөрүн калыптандырууну камсыздайт.

Жалпы орто билим башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга база болуп берет.

Мектептеги Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамы аныктаган экстернат таризинен тышкары тездетилген окутуу программалары боюнча жалпы орто билим берүүгө жол берилбейт.

Акыл-эсин жана (же) дене түзүлүшүн коррекциялоого муктаж балдар үчүн атайын жалпы билим берүү уюмдарынын окутуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Мектепте тийиштүү шарттар болсо окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтарына ылайык ар кандай окутуу профилдерин жана багыттарын киргизүү мүмкүн.

**3.6.** Мектепте жалпы орто билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын негизинде аныкталып, педагогикалык кенешмеде бекитилген пландын негизинде ишке ашырылат.

**3.7.** Мектепте жалпы орто билим берүүнүн ар бир баскычы үчүн жумалык (апталык) окуу жүктөмү жана чектелген (жыйынтыкталган) окуу жүктөмү мамлекеттик стандартка ылайык жүргүзүлөт.

**3.8.** Мектепте окутуу тили мамлекеттик жана расмий тилдеринде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Мектеп Кыргыз Ресубликасынын мамлекеттик тили деп аныкталган кыргыз тилин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутат. Кыргыз Республикасында расмий тили катары орус тили ошондой эле бир чет тили, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары - Билим берүү министрлиги) бекиткен Базистик окуу планына ылайык окутулат.

**3.9.** Мектептин тийиштүү шарттары (педагогикалык кадрлар, окутуу-усулдук кражаттар, материалдык-техникалык жабдуулар ж.б.) болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык негизги мектеп программаларынан тышкары да кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим берүү кызматын (келишимдин негизинде) көрсөтө алат.

Кошумча билим берүү программалары жана кошумча билим берүү кызматы окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыларынын негизинде уюштурулат.

**3.10.** Мектеп Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыны жетекчиликке алып, баа коюу системасын, окутуунун жана тарбиялоонун таризлерин, ыкмаларын жана усулдарын, ошондой эле окуучуларды которуу сынактарынын мезгилдүүлүгүн жана таризлерин тандоого укуктуу.

**3.11.** Мектепте Базистик окуу планынын негизинде иштелип чыккан иш окуу планы боюнча билим берүү процесси өткөрүлөт.

Окуучулардын окуу жүктөмү чектелген жүктөмдүн ченеминен ашпаш керек жана Базистик окуу планынын окуу сабактарын окутууга бөлүнгөн сааттарынын санынан төмөн болбошу керек.

Мектеп башталгыч, негизги жана орто класстар үчүн аптада беш күндүк иш режими менен иштейт.